DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-206-214
УДК: 82.0

***Исаева С.**, филол. илимд. канд., доцент*
*isaeva.saira@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-2638-1687*
*Жусуп Баласагын ат. КУУ*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# АРСТАНБЕКТИН “ТАР ЗАМАНЫНДА” ЖАНА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА ЭЛ ТАГДЫРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

*Макалада кыргыз адабият таануусунда "замана поэзиясы" деп аталган көрүнүш тууралуу анын залкар өкүлдөрүнүн бири Арстанбек Буйлаш уулунун поэзиясынын, чыгармаларынын мисалында сөз болот. Кыргыз эл акындар чыгармачылыгында “замана агымы” деп аталган багыттын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы үчүн коом турмушундагы өтө курч маселелерди көтөрүү мүнөздүү болгону белгилүү. Эгерде заманчы акын-ырчылар мезгилинде ушундай зор сыноо болуп падышалык бийликтин "келиши" эсептелсе, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алгандан кийинки алгачкы он жылдыктарда өлкөдөгү саясий, социалдык, экономикалык, маданий жагдайлар андан кем болгон жок. Ушундай негизге таянуу менен, макалада Арстанбектин жана азыркы кыргыз поэзиясынын Н. Байтемиров, О. Султанов, А. Өмүрканов, Ш. Дүйшеев сындуу бир катар өкүлдөрүнүн ырлары салыштырма талдоого алынып, үндөш мотивдер жана башка удаалаштыктар айкындалат.*

***Түйүндүү сөздөр:** заман ырлары, Арстанбек, поэзия, акын, тарыхый мезгил, кыргыз эли.*

**Исаева С.,** *канд. филол. наук, доцент*
*isaeva.saira@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-2638-1687*
*КНУ им. Ж. Баласагына,*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

# ОПИСАНИЕ ЖИЗНИ НАРОДА В "ТАР ЗАМАНЕ" АРСТАНБЕКА И В СОВРЕММЕННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

*В данной статье речь идет о так называемой в кыргызском литературоведении "поэзии заманистов" на примере творческого наследия одного из великих его представителей, поэта-певца Арстанбека Буйлаш уулу. Для певцов-поэтов заманистов характерно поднятие острейших проблем "трудных дней" в жизни общества. Если во времена Арстанбека, Калыгула и других поэтов-заманистов таким критически важным периодом в жизни кыргызов было "приход" царской власти, то первые десятилетия суверенизации КР явились не менее тяжким и сложным периодом. Темы, к которым обращались поэты-заманисты, продолжают волновать и сегодняшних читателей. На основании этого в статье дается сравнительный анализ произведений Арстанбека и таких современных поэтов страны, как Н.Байтемиров, Ш.Дүйшеев, А.Омурканов, Э.Ибраев, выявляются тождественные мотивы и другие параллели.*

***Ключевие слова***: *стихи эпохи, Арстанбек, поэзия, поэт, историческое время, кыргызский народ.*

**Isaeva S.,** *Ph.D., docent*
*isaeva.saira@mall.ru*
*ORCID: 0000-0002-2638-1687*
*Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn,*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# REFLECTION OF THE FATE JF THE PEOPLE IN "TAR ZAMAN" BY ARSTANBEK IN MODERN POETRY

*In this article, we tried to reveal the artistry of the poet Arstanbek, who has a special place as an instructive poet in the poetry of poets, in his "contemporary poems" and in the work "Tar Zaman" when the Kyrgyz people were oppressed by the Kokon Khanate and when Kyrgyzstan perceived the vassalage of Tsarist Russia and was subjected to double oppression. Despite the specific features of poets' poetry and professional written poetry, the theme of the times is often written by real folk poets when people are faced with difficult historical crises. It is because of Arstanbek, then the changes in our country in the 1990s when we gained independence, dozens of our poets artistically reflected the difficult life and social situations in their "transition' poems. we focused on and analyzed the works of A. Omurkanov, N. Baitemirov, and Sh. Duysheev.*

***Key words:*** *contemporary songs, poetry, poet, historical period, Kyrgyz people.*

«Ар мезгилдин өз өкүмдары, өз акыны болот, бул – алмустактан бери келаткан чындык. Бирок ошол мезгилдин кан тамырынын какканын так билчү барометр болуп көзү менен көкүрөгүн май баскан өкүмдар эмес, чындык үчүн чыркырап күйгөн, коркпой-үркпөй ырлары менен мезгил, коомдун жүрөгүнүн кардиограммасын түшүрө алган акын эсептелет. Акындын ыры коом сасып, бүксүп кетпеши үчүн кенен ачылган ажайып терезе болушу керек, күндөлүк көр турмуштун көйгөйүнөн көтөрүлгөн көз жаш, көкүрөк дарттын дарысы сыяктанган ал ырлар, албетте, от сыяктуу абдан эски, абдан кары өңдөнүшү мүмкүн, бирок ошол от ырлар ар бир жүрөктү, үйдү, коомду жылытып, бир кыргыздын кайгысы – бүт кыргыздын кайгысы, бүт кыргыздын кайгысы – бир кыргыздын кайгысы деген максат, малым-жанымдын садагасы, жаным-арымдын

садагасы деген жашоо менен жашаганы абзел. Антпесе, акын акын болбой, жамакчы болуп, ырлары ырсаңдап жасакерленип калат. Поэзия бирөөгө жагынган күндөн баштап өлөт, анткени анын балкылдап согуп турган каны – чындык" [1, 5-б.] деген А. Өмүркановдун сөзүндө калет жок. Демек, кай замандын акындары болбосун, эл тарабында болуп, чыныгы акындык ыйык милдетти терең түшүнүп, бийликке жасакерленбестен, чындык үчүн өз башын канжыгага байлап коюп, заман чындыгын кемелине келтире жазышкан. Алар талаш туудурбаган турмуштук фактыларды бетке кармап, таяныч туткан. Ал маселеге коомчулуктун назарын буруп, ойлонууга жана аракет көрүүгө чакырып, шарттуу түрдө «заман агымы" деп аталган ушундай чыгармалардын өзөктүү мотивин, пафосун түзөт. Буга кыргыздын белгилүү акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Токтогул, Калык, Коргол сыяктуу ондогон акындардан башталган заман темасы бүгүнкү күнү да уланып жазылып келе жатат. Негизинен, заман темасы көбүнчө элдин башына тарыхый кыйчалыш мезгилде жазыларын убакыт өзү көрсөттү. Анын себеби, эл башына оор күндөр келип, кыйынчылыкка тушуккан мезгилди көргөн акындар унчукпай отура албай, дал ошол чындыкты айтып, жазып, элдин өзүнө кайра калтырат тура. Биз сөз кылып жаткан "замана агымынын" өкүлү Арстанбекте да, азыркы кыргыз поэзиясында да заман темасы элдин тагдыры кыйчалыш болгон оор мезгилде жазыла баштаган. Анткени биз жогоруда санап өткөн акындардын заман жөнүндөгү ырлары кыргыз эли Кокон хандыгынын эзүүсүндө калган учурга жана Кыргызстан падышалык Россиянын букаралыгын кабылдап, кош эзүүгө калган мезгилде жазылса, ал эми совет мезгили орногондон баштап эгемендүүлүк алганга чейин заман темасы солгундап, ал башкача мүнөз алды. Тактап айтканда, социализмдин, компартиянын «асылдыгын», чарбакеч түркүн адамдардын мээнеткечтигин, эрдигин, кайратын, сүйүүсүн, алардын кайталанбастыгын даңазалоо ыңгайында орун алып, ал эми коомдун кемчилиги юмордук, сатиралык чыгармаларда гана чагылдырылып турду. Ал эми эгендүүлүк алган 90-жылдардан тарта поэзиянын мазмуну, пафосу кескин өзгөрүүгө учурап, мамлекеттик идеологиянын жайдак мүнөзү, ар ким өзүн-өзү билген замандын келиши, экинчиден, мурдагыдай чектеп-тыюулардын же цензуранын жоктугу, эгемендүүлүк колуна тийгенге эл өзүн эркин сезди. Ошонун натыйжасында арам жол менен байып, бийлик бутактарын менчиктей баштаган адамдар, уруучулук, жердешчилик, тууганчылык, коррупция сыяктуу мамлекеттик түзүлүштүн өзүн мите курттай жеген көрүнүштөр жана алардан келип чыккан же аларга тикелей байланышкан адеп-ахлактык, улуттук рухий-маданий кризис булардын баары сөз болуп жаткан заман темасындагы ырлардын туруктуу объектиси болду. Бирок аны ийине жеткирип, жөн эле кур кыйкырык эмес, нагыз поэзия, нарк-насилине жеткирүү баарынын колунан келе бербеди. Болбосо, ансыз деле гезит беттериндеги «калемпир-мурчка» чыланган, бүгүн окулуп, эртең унутулган жайнаган макалалардан алардын айырмасы болбой калмак. Демек, акындын акындыгы мына ушундайда: проблеманы ачык коюп, аны ары образдуу жана көркөм, ары жугумдуу жана таасирдүү ача билгенде, аны сезим-туюмдан, ой-санаадан жууса кеткис кылып сүрөттөп бергенде көрүнөт. Нукура поэзиянын керемет күчү да мына ушундайда таасын көрүнүп, автордун образы, анын көмүскө тургансыган лирикалык каарманы окурмандын өздүк ой-санаасын, көз карашы менен биригип, бир бүтүнгө айланган чыгармалар жана адабий көркөм турмуштун нагыз көркөм-эстетикалык фактысына айланат десек болот. Азыркы кыргыз поэзиясында эл башынан өткөрүп жаткан катаал замандын туундусу, анын түздөн-түз көркөм чагылышы болгон ар кыл темадагы эсепсиз ырлар, поэмалар, ал түгүл, поэтикалык романдар да, ошого жараша акын-авторлор да арбын.

Акын-ырчылар поэзиясынын жана профессионал адабияттын спецификалык өзгөчөлүгүнө карабай, алардын айта турган идеясы, сүрөттөй турган предмети, тематикалык багыты бирдей. Анткени Арстанбек Буйлаш уулунун “Тар заманы” – маани-маңызы, мазмуну жагынан Калыгулдун “Акыр заманын” улантып, аны тереңдетип, болжол эмес, жүйөөлү далилдер менен чагылдырылган чыгарма” [2, 115-б.]. Ошентип, Калыгул, Арстанбектен башталган заман темасы – ошол катаал мезгилдин туундусу. Белгилүү окумуштуу Б. Кебекова Арстанбек жөнүндө жазган эмгегинде: “Арстанбек – чоң арымдагы нускоочу акын. Анын чыгармачылыгында калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы, келечеги негизги темадан болуп, акын турмуштагы, коомдогу, жаратылыштагы бул же тигил көрүнүштү кабыл алуу, баамдоо деңгээлине жараша ой жүгүртүп, өз доорунун орчундуу проблемаларын, коомдук-социалдык маселелерин козгойт. Айрыкча, моралдык, материалдык жагынан кысымга учураган эл тагдыры жана жер тагдыры өтө курч көтөрүлөт. Акындын ырларында элдин жүрөгүн өйкөп, көңүлүн чөгөрүп тынчсыздандырып турган өз мезгилинин орчундуу маселелери бир топ реалдуу чагылдырылган. Арстанбектин калк тарабынан жогору бааланып, эл эсинен, көңүл төрүнөн түбөлүк орун алып уялашынын бирден бир себеби ушул”, - деген туура баасын берген [3, 190-б.]. Демек, Арстанбек өз мезгилинин көрүнүктүү, чыгаан акыны гана эмес, эң прогрессивдүү адамы болгон. Ал өзү жашаган мезгилдин тарыхый-социалдык турмушуна туура баа берген жана келечекте эмне болорун да жакшы түшүнгөн. Ал кыргыз жергесинде гана эмес, казактардын да той, ашына барып ырдап, өз мезгилиндеги аттуу-баштуу, кадырлуу, журт башкарган кишилер менен чогу жүргөн. Анын үстүнө, казактар бизге караганда орустарга эрте кошулуп, башкаруу системасына өзгөрүүлөр кирген, ал өзгөрүүлөр жөнүндө Арстанбек билген. Бул дагы акындын турмушка болгон көз карашын, болуп жаткан тарыхый окуяларга туура баа берүүгө чоң таасирин тийгизген. Ал өзү бийдин тукуму болгонуна карабай, дайыма эл тарабында экени чыгармаларында даана эле көрүнөт. Акындын “Каңтарбай менен айтышында” да, “Тар заманында” элдин кыйналган, эзилген оор турмуш абалын реалисттик планда сүрөттөөгө жетишкен. Акын өзгөчө “Тар заманында” кыргыз элинин кубаттуу орус империясына күнкор болгон абалы, элдин келечекке болгон сары санаасы, жашоо шарттын кескин өзгөрүшү, алардын элдин турмушуна тийгизген таасири, ошондой куураган жашоодон келип чыккан элдин арман-күйүтүн чоң реалист жана сүрөткер акын катары так айткан. Чыгарманын аталышы анын ички мазмунун толук камтып турат. Анткени акын элдин башына түшкөн “тар заманды” конкреттүү турмуш чындыгы аркылуу кантип тарыгандыгын улам тереңдетип отурат. Чыгарманы шарттуу түрдө эки бөлүмгө бөлүп карасак болот. Биринчи орустар келет деген учурдагы мезгил, экинчи орустар келип, бийлик жүргүзө баштаган мезгил. Чыгарманын башында “кызыл өңү ток чакта, кыл сакалы жок чакта” карылардан орустардын келе жатканын угуп, алар келгенде жашоонун нугу өзгөрүп, ата-салт, тили, дини бузулуп ушундай абал күчөй берсе, кандай заман келерин мындайча сүрөттөйт:

Он кулактуу мис казан
Калаадан чыгат дечү эле.
Тири шумдук баарысы
Баладан чыгат дечү эле.
Этеги жок, жеңи жок,
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кагаз акча пул болуп,

Тыйын чыгат дечү эле.
Акыр заман болордо
Өзүнүн малын үлөшүп,
Короосуна чарк уруп,
Жыйын чыгат дечү эле.
Карагайдын башында
Чыны болот дечү эле,
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле. [4, 216-217-бб.]

деп, башка диндеги, тилдеги “ай ааламдын баарысын соруп” келе жаткан орустардын келиши турмушту канчалык өзгөртөрүн даана сезген.

Ал эми экинчи негизги айтылган ой реалдуу турмуштук көрүнүштөрдөн алынып, орустардын келиши менен кыргыздардын жашоосунда “тар замандын” келгендигин жогорку чеберчиликте айткан. “... Падыша өкмөтүнүн кыргыз жергесине орношу менен “аштык чыгар жерди, бээден тууган керди”, “менменсиген эрди” алып, “ичинден чыккан баланды солдаттыкка берип”, кыргыз элин келечекте кандайдыр бир коогаландуу катаал тагдыр күтүп тургандыгын реалдуу баамдайт” [4, 183-б.]. “Таластан Маймул тутунуп”, бул жактан “Балбай менен Шоорук” сыяктуу “эл жакшылары” кармалып Шиберге айдалып кетип жатканда, элди ушул азаптан кантип куткарууга айла таппай “Кашкардагы Бакдөөлөт, Ата кылып алсак бейм?” - деп суроо салат. Ошол учурдагы элдин ал-абалынын чыныгы картинасын мындайча берет:

Жасоолдор минди күлүктү,
Атан төө тартты чүлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечерага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап [4, 223-б.].

Арстанбекти орустардын келишинен улам элдин оор акыбалга туш болгону менен катар, кыргыздардын өз ара чабышы, элдин мурунку ынтымагынын, бейкутчулугунун бузулушу, уруш-талаштын болуп жатканы да кабатырланткан. Ушундай оор жашоонун кесепетинен элдин кандай ахбалга келгенин мындайча берет:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз.
Каптап тузду көтөргөн
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Жогоруда мисалда көрүнгөндөй, Арстанбектин заман ырлары – жөн гана көркөм чыгарма эмес, бул кыргыз элинин тарыхий-соцалдык турмушунун көркөм чагылышы.

Дал ушундай элдин эртеңкиге болгон ишенимин күмөн кылган, тумандуу заман 1990-жылдары социализм таркап, эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн башталды. Астын-үстүн болгон оор замандын (же өткөөл доордун дейбизби) поэзиясынын мүнөздүү белгиси талашсыз турмуш чындыгына таянган өткөөл заман ырлары жазыла баштады. Адамдар күнүгө өз көзү менен көрүп, дамамат өз башынан кечирип жаткан жакшысынан жаманы, оңунан терси көп көрүнүштөрдү, фактыларды жана процесстерди таяныч туткан Ш. Дүйшеев, Ж. Садыков, Н. Байтемиров, С. Жусуев,

Ш. Дүйшеев, А. Өмүрканов, Э. Ибраев, Т. Бекболотов, Б. Алыбаев, К. Артыкбаев, Ө. Тиллебаев, Н. Өмүрбаева, Н. Гургубаева сыяктуу ондогон акындар заман темасындагы мыкты чыгармаларын элге тартуулашты.

Мына ушул жагдайды мыкты түшүнгөн акындын бири А. Өмүрканов эгемендүүлүк жылдары поэзиянын көч башында туруп, өз позициясынан тайбай элдин үнүн, арманын, үмүт-тилегин айтуудан, ыплас, терс көрүнүштөрдүн бет пардасын поэзиянын жардамы менен сыйра берүүдөн тажабай келди. Азыркы кыргыз поэзиясынын атуулдук жана сүрөткерлик позициясы бекем, дайым изденүү айдыңында жүргөн, таланты орошон өкүлү катары А. Өмүрканов коюлган маселелердин себеп-натыйжасын, тек-жайын терең аңдап-билип, аларды өзгөчө чыгармачылык жигер менен көркөмдүк жогорку деңгээлде окурмандарга тартуулап келди. Бул жагынан аны мезгилдин үнү жана жарчысы десек да жарашат. Анын акындык да, атуулдук да эрдиги мына ушунда турат. А. Өмүрканов "Күндөгү так", "Асмансыз жылдар", "Тушалган чагылган», “Жалгыздык ыры” жыйнактарындагы эмоционалдуу жана шакардай кайнаган жан дүйнөнүн илептүү табы, көркөм ой-чабытынын түпкүрүнөн чыккан күчүү, чынчыл, сынчыл үнү заман темасына арналып жазылган ар бир ырында даана сезилет.

Н. Байтемиров “Кылымдар деми” деген жыйнагындагы заман темасындагы ырларында бул заманды "Кутурган заман" деп атаса, К. Артыкбаев "Тенсиздик өкүм сүргөн", "Кар заман" деп мүнөздөсө, А. Өмүрканов мындайча сүрөттөйт:

Кутурган иттей тилин салаңдаткан,
Алдуусу алы жогун канжалаткан.
Эсти оодарып жардан чыга калгансып,
Эшикте жинди рынок, акмак заман...
Ыйман, ызат элимдеги... унут калды,
Тазадан асманда учкан булут калды,
Эл байкуш эстен танды,
Бага албай кара жанды,
Ыйлагым келет кээде,
Карап альш калч-калч эткен кайырчы кара чалды.
Тоо заманга түктөйүп турат бүгүн
Баарын саттым, көлөкөмдү сатам бүгүн.
Көргүм келбейт бетинен каны тамган
Чоңдордун ит күлкүсүн
Дайрадай өз нугунан ала салган
Оодарылып кетти заман...
Болсо экен элим аман. [5, 77-78-бб.]

Акын жыйнактан жыйнакка заман темасын улам тереңдетип жазууга өткөн. Акынды экономикалык кризистен дагы жан дүйнөнүн жакырланышы күч алып, моралдык, нравалык жактан бузулгандыгы кабатырлантат. А. Өмүрканов заман ырларында курулай кыйкырып, эмоцияга да курулай берилбей, бардык көйгөйлүү маселени тереңден карап, конкреттүү, жеткиликтүү бере алат. Акындын "Өзүңдү ойлоп" аттуу ырында кыргыздар өз каада-салтын жоготуп, улуу кичүү, эне-бала дебей аракка берилип баратышын эң элестүү, көркөм берет:

Куда сөөк бирин-бири сыйлаганда,
Же өлүмдө көрүшүп ыйлаганда.
Аягына калтырбастан "аппак ич", - деп
Энеси ичет, күйөө бала, кыздар ичет... [6, 108-б.]

Акын кандай гана турмуштук деталдарды сүрөттөбөсүн, келечекке кабатырлануусу элинин дени сак өркүндөшүн тилегендигин билдирет. Эпикалык поэзияда да жигердүү иштеп улуттук ар-намыс темасы жаңыча ачып берген "Ак Мактым", "Күкүк", "Эсойготтор" аттуу көркөмдүк жактан мыкты поэмаларды жазып, дагы бир чыгармачылык жаңы бийиктикке көтөрүлүп, кыргыз поэзиясынан өз ордун тапты.

Эгемендүү жылдар заман темасында көп жазган акындарыбыздын бири Н. Байтемиров болду. Анын «Кылымдар деми» жыйнагындагы чыгармалары идеялык-көркөмдүк жактан чоң чеберчилик менен иштелген. Ырларында адам баласынын ички руханий жан дүйнөсүндөгү ыймандык тазалыгы, ак ниеттик менен кара ниеттик, күнүмдүк тиричилик, заман жөнүндөгү философиялык көз караштары чагылдырылган. Китептеги ырлардан терең жана омоктуу ойлорду, нускалуу кептерди арбын кездештирүүгө болот.

Н. Байтемировдун заман темасындагы «төрт сап» ырлары 1993-жылдары эле «Калемпир, мурчу аралаш», «Бүгүнкү турмуш көйгөйү» деген ат менен басма сөз беттеринде жарык көрүп келген. Кийин бул ырларын «Кылымдар деми» деген жыйнагындагы «Калемпир, мурчу аралаш» деген бөлүмгө киргизип, жалаң заман темасын, өзгөчө, Советтер Союзу таркаган өткөөл мезгилдеги турмуш чындыгын бир топ элестүү чагылдырган. Акын заман темасын «төрт сап» ырларында гана эмес, «бир саптан» турган ырларында да бир топ реалдуу, конкреттүү чагылдырууга жетишти десек болот. Анда анын бир саптан турган заман темасындагы ырларын окуп көрөлү:

Баспагыла бабалардын арбагын.

Келген муундар кеткен муунга сын тагат.

Сактагыла миң жыл ыйлап келатат!?

Алдым-жуттум жалмап жатат бардыгын.

Замананы мансапкорлор кыйратат,

Өлкө азыр кырда турат тайгалак.

Биз кылымды жеп койгону турабыз,

Жайнап кетти ыр сөрөйлөр балдакчан. [7, 250-260-б.]

Акындын заман жөнүндөгү философиялык ой толгоолоруна жык толгон саптарынан келечегибиздин коркунучтуу абалы көз алдыга келет. Өзгөчө, акындын «заманаңы мансапкорлор кыйратат», «өлкө азыр кырда турат тайгалак» деген образдуу чыккан саптарынан азыркы күндөгү көйгөйлүү проблемалардын бири болгон мансапкорлук, паракорлук өңдүү коркунучтуу оорулар заманды чиритип, эптеп бир буту менен турган өлкөбүздү кырдан кулатарын элестетебиз. Мына ушул эки сапта мүшкүлү арбын ой камтылып, аны чечмелеп жазсаң, өзүнчө бир поэма болчудай маани берилет. Ал эми акындын «жайнап кетти ыр сөрөйлөр балдакчан» деген бир сабы азыркы учурда акчасы көптөрдүн «акын» болуп чыга келгендигин көз алдыңа тарта салса, андан ары баса албай туруп каларын ким болсо да түшүнөт.

Акын кандай формада жазбасын, ырлары философиялык ойго жык толтурулуп, окурмандын ой-сезимин козгойт. Акындын «Элим менен», «Көөнүм ачышат», «Кез келди го», «Бүлүндүк ээ», «Эшигинди ачкыла», «Жаңы кылым келатат» жана башка ушул сыяктуу бир топ ырлары азыркы турмуш чындыгын элестүү сүрөттөп берет. Өзгөчө «Калемпир, мурчу аралаш» деген бөлүмдөгү ар бир ырда улам жаңы ойлор айтылып, улам жаңы турмуш картинасы көз алдыга даана тартылат. «Заман өлдү» деген ырында:

Заман өлдү, заман келди кутурган,

Эл элдиги, жер жердиги бузулган.

Үйдөн тышка чыгуудан да коркосуң,

Заман келди үрөйүнү учурган.
Ал эми «Заман күйсө» деген ырында:
Заман күйсө өмүр кошо күйөт, ээ?!
Санаа басып көңүл кошо күйөт, ээ?!
Өчүрөм деп ошол өрттү жан үрөп,
Президент кайыр сурап жүрөт, ээ?! [7, 287-б.]

Акындын назик жүрөгү өзү жашап жаткан учурга жана келечек мезгилге абдан кабатырланат. Буга акындын турмуштагы, жашоодогу майда проблемалардан баштап, келечекте жалпы элдин башына түшө турган мүшкүлгө чейин толгонуу менен сүрөттөгөн ырлары күбө.

Таланттуу лирик, саясий публицистика менен эпиканын чебери, чыгаан журналист катары таанылган Ш. Дүйшеевдин поэзиясы башкаларга окшобогон индивидуалдуулугу, оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык кунары жагынан өзүнүн калемдештеринен өзгөчө айырмаланып, «башкача стилдик эн тамгага» ээ. «Анын ырлары мурда кыргыз поэзиясында аз учураган, дегеле учурабаган турмуш чындыгын ачык жана көркөм, көркөм болгондо да жогорку деңгээлде эч кимге окшобой ачып берүүсү менен баалуу», - деп эл акыны А.Өмүрканов жазса [8, 5-б.], андан алда канча мурда белгилүү окумуштуу жана сынчы К. Артыкбаев: «Жаш акын Шайлообек Дүйшеев кайра куруу, ачык айтуу учурунда өзүнүн талантын чыйралтып, машыктырып, турмуш чындыгынын актуалдуу маселелерин күн тартибине курч койгон бир катар ырларында кемчиликтерди келиштире бетке айтууга батынды. Акын 1992-жылы жарыкка чыккан «Кайдыгерлик» аттуу чакан ыр китебине киргизилген ырлардын көбү такай радиодон ырдалып жүрдү. Чынын айтканда, коомубузда орун алган кемчиликтерди Ш. Дүйшеевчилеп поэзиянын тили менен так, конкреттүү, курч айткан акындарыбыз өтө сейрек болуп жатты” [9, 573-б.] Акындын кайсы гана жыйнагын колго алба, негизги темаларынын бири – заман. Мисалы, «Жүз кат» деген көлөмдүү ыры отуз жети каттан туруп, алардын ар биринде өткөөл мезгилдеги турмуштун ар түрдүү көрүнүштөрүнүнүн маңызы элестүү, образдуу, жандуу чагылдырылат. Ал демейдеги поэтикалык басыгынан жазбай, астын-үстүн болгон бул заман адамды адам кылган ыйман, абийир, намыс сындуу сапаттардан ажыратып, аты бар, заты жок макулукка айлантканы, рухий жакырлыкка алып келгени ташка тамга баскандай ачуу сөздөр менен ачып берет. Акындын ички мүшкүлү, кайгы-касирети окурмандын сезиминен да түнөк табат. Чын-чынында, сыртынан жөнөкөй, бирок терең ойго, мазмунга чулганган ырларды жаратуу ар бир эле акындын колунан келе бербейт. Акындын жан дүйнөсү ушундайча, кайдыгер эмес. Ал турмуштун ачуу-таттуусуна жөн эле карап тура албайт, ал сырттан келген байкоочу да эмес. Ал ар бир терс көрүнүшкө күйүп-бышат, күйгүлтүккө түшөт, арданат, намыстанат. Андан да акындын мыктылыгы ошол аң-сезимдерди окурманга жеткире билип, өзү менен кошо жетелеп кетет. Ш. Дүйшеевдин акындык бийиктиги жана терендиги да мына ушунда.

Акындар жөнөкөй окурманга тааныш-билиш турмуш чындыгын поэзиянын тилине салып, акындык бийик чеберчиликте, тандап алган турмуштук деталдын эмоционалдуулугун арттырып, ички сезимдин толкундарына чулгап терең поэтикалуу кылып сүрөттөп бергенде гана ал чыгарма таасирдүү болору шексиз. Мына ушул касиет да Ш. Дүйшеевге таандык экенин бул заман ырлары таасын айгинелеп турат.

«Ш. Дүйшеев поэзиясында аналитикалык ой жүгүртүү менен гана чектелип калбастан, ага кошумча көркөм образдар аркылуу элестүү, образдуу ойлонууга, кыялды чындык менен айкалыштырууга, анын негизинде абстрактуулуктан конкреттүүлүккө, жекеден жалпыга же жалпыдан жекеге өтүү принциптерин чеберчилик менен колдонот» [10, 57-б.]. Ошондуктан Ш. Дүйшеевдин ондогон заман ырларындагы

көтөрүлгөн актуалдуу меселелер бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, замандын көркөм чындыгы катары жашап келет.

Жыйынтыктап айтканда, эгемен жылдарында акындарыбыз бүгүнкү күндөгү эң негизги милдети улуттун улут экенини даңазалаган улуттук темага сүңгүп кирип, мурдагы адабияттын актай барактарын толтуруп, чыныгы көркөм поэзияны жаратуу милдети астыда турат.

**Адабияттар:**

1. Өмүрканов, А. Акын мезгилдин кардиограммасы [Текст] / А. Өмүрканов. // Кыргыз руху. – 2004. - №30.
2. Турдугулов, А. Акындык поэзиянын эстетикасы [Текст] / А. Турдугулов. - Бишкек, 2024. - 351 б.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары. V том [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. - Бишкек, 2002. - 776 б.
4. Кетбука, Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Калыгул, Арстанбек. Китепте: “Залкар акындар сериясы” [Текст]. - Бишкек: Бийиктик плюс, 2015.
5. Өмүрканов, А. Күндөгү так. Ырлар жана поэмалар [Текст] / А. Өмүрканов. - Бишкек, 1995.
6. Өмүрканов, А. Тушалган чагылган [Текст] / А. Өмүрканов. - Бишкек: Акыл, 2005.
7. Байтемиров, Н. Кылымдар деми [Текст] / Н. Байтемиров. - Бишкек, 1994.
8. Өмүрканов, А. Төлгөгө чабылган Тайторудай дагы эле табында [Текст] / А. Өмүрканов // Жаңы Кыргызстан маданияты. – 2011. - 10-февраль.
9. Артыкбаев, К. XX кылымдагы кыргыз адабияты [Текст] / К. Артыкбаев. - Бишкек, 2004. - 653 б.
10. Абдыкеримова, А. Э. Лингвистикалык поэтика [Текст] / А. Э. Абдыкеримова. - Каракол, 2008. - 209 б.